**2022-2023-окуу жылындагы Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кураторлук иштеринин уюштурулушу, аткарылышы жана жыйынтыктары боюнча окутуучу Джеенбаева Кос-Миранын жылдык отчету**

Кафедранын бардык окутуучулары факультеттин жана университеттин деңгээлиндеги коомдук иштерге үзгүлтүксүз активдүү катышышып, кураторлук иштер жыл башында пландаштырылган график боюнча толугу менен аткарылды.

Кураторлор I-II жарым жылдыкта түзүлгөн график жана 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн иш-план боюнча кураторлук ишти өз убагында үзгүлтүксүз жүргүзүп жатышты. Студенттердин жетишүүсү, контрактык төлөмдөрү, жатаканада жашаган студенттердин тизмеси, үй-бүлөлүү студентердин тизмеси, спортсмен, активистердин тизмеси кураторлук журналдарда белгиленген. Ошондой эле жогорудагы маалыматтар тарбия иштеринин башчысына убагында берилип жатты.

Кураторлук сааттар кураторлук колдонмонун негизинде( видео көргөзмө, power point ж.б) уюштурулуп, студенттердин сабактарга жетишүүсүн староста тарабынан жумалык жана 1 айлык отчет түрүндө: кураторлук саатта түзүлгөн график боюнча коюлган диспуттук темалар студенттер тарабынан доклад түрүндө жүргүзүлдү. Ошондой эле COVID-19 инфекциясынын жайылышын алдын алуу үчүн кураторлук сааттарды өткөрүштү. Түшүндүрүү иштеринин жүрүшүндө видеороликтер, презентациялар көрсөтүлдү. Мугалимдер өздөрүнүн кураторлук тобору менен тыгыз байланышта болуп, керектүү маалыматтарды беришти.

https://base.oshsu.kg/news/new/?lg=1&id_parent=4774&id2=18096&list=5

12-декабрь залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө арналган иш-чарада чет элдик студенттер Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарып, ырларды көркөм окуп, бий бийлешип, коомдун кызуу колдоосундагы кол чабууларына ээ болушту.

https://base.oshsu.kg/news/new/?lg=1&id_parent=4774&id2=17833&list=6

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана Эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган "Чет элдик студенттердин аткаруусундагы кыргыз ырлары" эл аралык фестивалында ЭАМФнын социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын студенттери 1-орунга ээ болушту.

https://base.oshsu.kg/news/new/?lg=1&id_parent=4774&id2=17887&list=6

Куратор тарабынан студенттердин ата-энелери менен таанышуу, чогуу иш алып баруу иштери жүргүзүлүп, студенттердин сабакка жетишүүсү жана катышуусу боюнча АВН системасына киргизилген баалар менен ата-энелер толук тааныштырылды.

Кафедрага деканат тарабынан 1- курстардын студенттери үчүн кураторлук иш алып баруу бөлүнгөн. Ар бир окутуучу жыл ичинде өзүнүн кураторлук тайпасы менен коомдук-тарбиялык жана окутуу процессинде иш жүргүзгөн, ар бир тайпанын кураторлук отчету тиркелген. Ошондой эле окуу иштери боюнча декандын орун басары И. Исмаиловго сабакка келбеген, келишимдик төлөмдөрдү убагында төлөбөгөн, сынактан, модулдан төмөн балл алып калган студенттердин билдирүүлөрү кураторлор тарабынан убагында тапшырылып, тиешелүү чаралар көрүлүп жатты.

План боюнча коюлган кураторлук иш жыл ичинде толугу менен аткарылды: студенттердин сабактарга катышуусу жана өздөштүрүүсүнүн көзөмөлү жумалык жана

айлык кураторлук сааттарында жүргүзүлүп жатты. Тайпадагы студенттердин окуудан сырткары коомдук иштерге активдүү катышуусу кураторлор тарабынан көзөмөлгө алынды.

Улук куратор: Джеенбаева К. А